## СТУДЕНТ-МЕДИКТЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИ ӨТҮҮДӨГҮ ЛЕКСИКАЛЫК КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕР

**Э.К. Абдырасулова**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Корутунду.** Кыргыз тилинин эртеңкисине жана келечегине түздөн-түз тиешеси болгон келечек муундарыбызга тилди окутуу-үйрөтүү иш-аракетеринин маселелери каралды.
**Негизги сөздөр:** элдик медицина, тематикалык принцип, фразеологизм, маанилик-ассоциативдик принцип, лексико-грамматикалык принцип, этимологиялык аспект.

## НЕКОТОРЫЕ ЛЕКСИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ПО ПРОВЕДЕНИЮ УРОКОВ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА ДЛЯ СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ

**Э.К. Абдырасулова**
Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К. Ахунбаева
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме**. В статье рассматриваются вопросы обучения кыргызскому языку, непосредственно касающихся будущих поколений.
**Ключевые слова:** народная медицина, тематический принцип, фразеологизм, смыслово- ассоциативный принцип, лексико- грамматический принцип, этимологический аспект.

## SOME LEXICAL PROBLEMS IN CONDUCTING LESSONS OF THE KYRGYZ LANGUAGE FOR MEDICAL STUDENTS

**E.K. Abdyrasulova**
I.K. Akhunbaev Kyrgyz State Medical Akademy
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Resume.** In article considered guestions about teaching Kyrgyz language, directly concerning for future generation.
**Keywords:** etnoscience, theme principle, phraseology, lexico-grammatikal principle, semantic-associative principle, ethimological aspect.

Тил сабагы – өзүнчө өзгөчөлүгү, өзүнчө кыйынчылыгы бар предмет. Ушул сабактан гана студенттер эл тилиндеги тыбыштар куралып келип, адамдарга сөз болуп жетип грамматикага түшүп, анан байланыш куралы катары кызмат кыларын түшүнүшөт. Адамдардын кеби, көңүл туйгулары да, эмгеги, күрөшү ушул тил менен гана жеткирилет. Студенттер тил менен гана башына уялап, көкүрөгүн тепкен ажайып сезимдерин кагаз бетине түшүрө алышат. Тил ар бир адамдын мээсине келүүчү ой-пикирдин өөрчүшүнө түрткү берет.

Студенттердин тилиндеги сөз байлыкты, учкул сөздөрдүн кенчин арбытуу үчүн төмөнкү иштерди кеңири жүргүзсө, кыйла пайдалуу болор эле.

1. Сөздөрдү, учкул туюнтмаларды кеңири үйрөтүүдө тематикалык принципти колдонуу. Бул принцип боюнча тилдеги сөздөрдү ар кандай тематикалык топторго бөлүп, улам курс жогорулаган сайын алардын көлөмүн кеңитип, сан жагынан арбытып үйрөтүү. Мисалы, а) дарылык касиети бар өсүмдүк аттары; адырашман (өзгөчө жыты бар, көп жылдык чөп өсүмдүгү), ак кодол (гүлү ак түстөгү көп жылдык чөп өсүмдүгү), ак куурай (терең тамырлуу, мөмөсү жаңгак сыяктуу көп жылдык өсүмдүк ж.б.); б) адамдын дене түзүлүшүндөгү сөөктөрдүн аттары: баш сөөгү, жаак, акырек, жанбаш ж.б.; в) элдик медицинада колдонуучу буюмтайым аттары; шак-шак (кол-бут сыныгында таңылуучу жыгач) аштор (курч миздүү бычак), тинтүүр (хирургиялык аспап) г) ошону менен бирге сынды, белгини, сапатты касиетти ж.б. туюндурган сөздөр.

Ар бир текст, көнүгүүлөрдөгү сөздөрдү ушул сыяктуу сөздөрдүн тобуна бөлүп, атайын дептерге өзүнчө жаздырып, анан сөздөрдөн элдин сүйлөгөн сөзүнөн, ар кыл чыгармалардан, медицинага байланыштуу тексттерден тиешелүү материалдарды чогултуп жазып алууга көндүрө берсе, студенттин сөз байлыгы арбырында шек жок. Мында студент үч нерсе утат; а) текстти максат менен берилип окууга үйрөнөт б) тилге

болгон кызыкчылыгы күчөйт в) сөздөрдү тематикалык жактан классификациялап өздөштүрүүнүн жолуна өтөт. Анан ага ык алса, өмүр бою ал ар кыл сөздөрдү тынбай үйрөнө берет.

Ошол тематикалык принципти башка ыкка салууга мүмкүн. Мисалы, нейтралдык же жалпы элдик сөздөр; 1) жаса, сүйлө, кес, текшер, кара, ж.б. 2) тилге байланыштуу сөздөр: тематика, методика, текст, лексика ж.б. 3) кызматчы сөздөр: го, чейин, дейре, чакты ж.б.

Жогоркудай эле ыктарды фразеологизмдерди (соматикалык) үйрөткөндө да колдонсо болот. Мисалы: ак жүрөк (ак ниет, чынчыл, калыс), бети калың (уяты жок, тоготпогон, кайдыгер), колу ачык (берешен, эч нерсесин аябаган), жүрөгү оозуна тыгылуу (бир нерседен абдан коркуу).

Студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө бул сыяктанган ыктарды ар түрдүүлөнтүп колдонуу алардын кызыкчылыгын арттырууга, ар кандай шарттарга карата сөз таба билүүгө көнүктүрөт. Жогоркудай тематикалык бөлүнүштөрдү майдалап подтемага, же анын тескеринче, аларды ирилештирип топторго чогултуп, бутактатып байтеректей тамырлатып, тилдин да чоң турмушун үйрөтүүгө мүмкүн.

Медицинага байланыштуу сөздөр менен гана чектелбестен алалык: а) коомдук турмушка байланыштуу сөздөр деп ат коюп, буга карата: студенттик турмуш, музыка, живопись, маданият, спорт, өлкөбүздүн ички-тышкы турмушуу жөнүндөгү сөздөрдү чогулттурса болот; б) жаратылыш жана адамдардын турмушуна байланышкан сөздөр деп ат коюп, буга; жергиликтүү элдерге тиешелүү лексиканы флора менен фаунага, тарыхка, географияга ж.б. таандык сөздөрдү чогултса болот.

Албетте, жогорку темалардагы иштерди бир мезгилде тегиз алып баруу оордук кылышы мүмкүн. Андай учурда ар бир теманы грамматикалык конкреттүү маселелерди талдоого карата колдонууга ылайык келет. Алсак, сын атооч жөнүндөгү теманы өткөн кезде сынга, сапатка, кулк-мүнөзгө ж.б. байланыштуу сөздөрдү топтотууга туура келет.

Тематикалык жактан сөздөрдү топтоп үйрөнүүнү грамматикалык-орфографиялык жумуштарга тыкыс байланыштыра жүргүзүп, улам жаңы сөздөрдү пайдалана билүүгө көнгөндөн кийин окшоштуктун ассоциациясы негизинде студенттердин эсине баягыдай сөздөр улам көбүрөөк топтоло берет.

2. Маанилик-ассоциативдик принцип. Бул принцип боюнча студенттер сөздөрдүн тобун үйрөнөт. Алсак, чеки деген сөздү алып, ал сөз башка кайсы сөздөр менен айкалыша турганын баамдоо (мисалы: чеки сөз, чеки иш). Ошол эле учурда анын курамындагы, мисалы, сөз деген сөз башка кайсы сөз менен айкалыша турганын билүү (сылык сөз, сенек сөз, орой сөз, улуу сөз…) Мында көп колдонулган сөздөрдү «өнүмдүү» деп атап ( аны «ө» тамгасы менен белгилейли), бирде жыш, бирде сейрек колдонулган сөздөрдү «бейтарап» деп атап (аны «б» тамгасы менен белгилейли), өтө аз колдонулган сөздөрдү «солгун» атап (аны «с» тамгасы менен белгилейли) анан студенттердин сөз байлыгынын өсүшүн окумуштуу тилчилердин жолуна салып карасак, анда Ө-Б-С-Т деген формулага ээ болобуз. Ошондо студенттин сөз байлыгынын өсүшүү Т-С-Б-Ө жолу менен өнүгөөрүн көрүүгө болот. Эгерде студенттин тил байлыгын арттыруудагы аракети бошоңдоп, алдыга карай өсүүсүн токтотсо, анда Ө-Б-С-Т жолу өкүм алып, эч кандай майнап чыкпайт. Ошондуктан тил предметинде студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө дайыма аныкталгыч жол, башкы орунда болуусу абзел.

Эгерде маанилик-ассоциативдик принцип сакталбаса жана анын ыгы толук өздөштүрүлбөсө, студент адепки үйрөнгөн сөздөрдүн катарын андан ары талыкпай уламак турсун, мурунку сапарынан четке чыгып, үйрөнгөндөрүн тез унутуп жибериши да ыктымал.

Маанилик-ассоциативдик принципти лексика-семантикалык сабактарда гана колдонбостон, синтаксистик байланыштарды, анын эркин жана чырмалыша келген түрлөрүн үйрөнгөндө да колдонулса, тилдин ички дүйүм- дүйнөсүн аңтарып, өзүнчө шагы ийилген мөмөсүн көрүүгө болот.

Кай бир учурда айрым студенттер маанилик-ассоциативдик жол менен айкалышып жасала турган сөздөрдү жаңылыш түшүнүп алса, ага карата белгилүү багыт берип, өз учурунда оңдоп туруу зарыл.

3. Лексико-грамматикалык принцип. Бул принцип сабактарда кеңири колдонулуп келе жаткан принциптердин бири. Тилчи окутуучуларга белгилүү болгондой бул принциптин үч компоненти бар: а) сөздөрдү, туюнтмаларды маанилик айтылышы, жазылышы жана грамматикалык жактан ирети менен улам арбытып үйрөнүү жагы; б) сөздөрдүн өзгөрүшүн грамматикалык ар түрдүүлүгүнө карай ши жүргүзүп, сүйлөөдө да, жазууда да практикалык жактан колдонууга багыт алуу жагы. Бул принципти сөз түркүмдөрүн, сөздөрдүн өзгөрүш жолдорун талдап үйрөнгөн кезде кеңири колдонууга болот.

Жеке адамдын эси тилдеги бүтүндөй бардык сөздөрдү сактай албайт. Ага табигый мүмкүнчүлүк берилген эмес. Бир мисал келтирели. Мисалы, орус тилиндеги 300-400 миңге жакын сөз бар делип болжолдуу айтылып жүрөт. Ал эми орус тилин укмуш билген, орус тилинин сөз берметтерин таңырката колдонгон А.С. Пушкиндин чыгармаларында бар болгону 20.000ге жакын сөз кезигери айтылып жүрөт. Тилчи илимпоздор жеке адам орто эсеп менен алты-сегиз миңдин тегерегинде гана сөз билерин белгилеп жүрүшөт. Ошентип, жеке адамдын эси канчалык мыкты болсо да, канчалык арчадай көгөрүп жапжашыл болуп турса да, баары бир анын сөздөрдү камтып калуудагы мүмкүнчүлүгү чектелүү [1, 2, 3].

4. Диагностикалык же себепти ачуу принциби. Бул принцип боюнча лексикалык каталардын анын көп варианттуулугунун себеби ачылат. Алсак, бир эле түшүнүктү түюндуруу үчүн бир эле тайпадагы студенттер бул же тигил сөздөрдү ар кандай колдонору көп учурайт. Диалектикалык сөздөр: гөш-эт, тукум-жумуртка, уй-сыйыр ж.б.

Эне тилдин кубулуштарын үйрөтүүдө жергиликтүү тилдик фактыларды да кеңири пайдаланууга болот. Айталык, тилдин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгү, лексикалык кубулуштарынын коомдук турмушка тыкыс чырмалып келиши, маданий жана материалдык өзгөрүүгө карата бат өзгөрүп турушу, өңдүү маселелер боюнча сөз жүрүп кетсе, анда жергиликтүү фактыларды батыл колдонууга болот.

Сөздөр маданий-тарыхый гана кабарларды бербестен, этикалык нормага байланышкан түшүнүктөн (окуган озор, окубаган тозор ж.б.), кептик үлгүдөн, этикадан (жакшы адам таап сүйлөйт, жаман адам каап сүйлөйт ж.б.) экспрессивдик-стилдик каражаттан, интонациядан ж.б. пландагы көрүнүштөрдөн кабар берет.

Студенттер тилдин бардык компоненттери менен толук таанышып, аларды өздөштүрүп, практикада тынымсыз колдоно билгенде гана аны коммуникативдик активдүүлүккө өтүү десек болот. Ошондо гана алар тилдин күчүнө түшүнүп, ага таңууланбастан, аны олуттуу үйрөнүүгө кызыгат.

Тил предметин үйрөнгөн кезде, анын лексикологияга байланыштуу темаларын, маселелерин өздөштүргөн кезде, башкача айтканда тематикалык системаны пайдалануу алда канча натыйжалуу болот. Бул ык андан ары үйрөнүүгө болгон сезимин ойготуп кызыгууну пайда кылышы ыктымал. Анткени тематикалык системаны колдонгондо таза лингвистикалык маалымат да кошо берилип, студенттин дүйнө таанымын билим деңгээлин кеңитет да, аракетке түртөт.

Сөздөрдү эң эле ар түрдүү темаларга бөлүп, үйрөтүүгө болот. Тиричилик байланыштуу сөздөр, көндүм ишке, жорукка, мүнөзгө байланышкан сөздөр. Ошондой эле сөздөрдү; транспортко, саясатка, ички-сезимге, ой-пикирге, тууганчылыкка ж.б. байланышкан сөздөр деп, бөлүштүрүп, аларды маанилик жактан, аздап болсо да тарыхый куралышы жагынан да кай бир этимологиялык аспектиден, лексико-грамматикалык көнүгүү жагынан да талдоого ык алдырса болот. Мында жалпыга тааныш болгон белгилүүдөн белгисизге, тааныш нерседен тааный элек нерсеге, көрүнүшкө, кубулушка карай, улам жаңыны көздөй деген принцип колдонулат.

Студенттер сөздөрдүн экспрессиялык касиетин, башкача айтканда, көркөмдүк жактан окулушун, аныктыгын, маанилүүлүгүн, тактык-айкындыгын да даана түшүндүрүү зарыл. Ошону менен бирге алардын эмоциялдуулугун, тез таасирдүүлүгүн, ошондой эле күчтүү сезим менен туюнтулуш касиетин да туйгуза билүү керек.

Тил сабагына байланыштуу лексикологиялык тапшырмаларды үй иши катары аткарууга да мүмкүн. Андан башка ийрим же дубал газетанын беттеринде «Бул кызык», «Сөз түйүндөрү», «Эске тутуп алгыла», деген өңдүү рубрика уюштуруп элдин турмушу, медицинадагы жаңылыктар, фразеологизмдер, учкул туюнтмалар ж.б. боюнча талкуу, тегерек стол, уюштуруу да кызык чыгат. Мисалы: жылдыз, ай айларынын аттары, алардын чыгышы, жыл мезгилдеринин, табигый кубулуштардын аталышы, алардын чыгышы, өсүмдүк аттары деген сыяктуу ж.б. аттарды коюп анан талкууну студенттердин арасында өткөрсө кызыктуу болор эле [4, 5, 6].

Бул өңдүү кадамдар студенттердин коомдук турмушка болгон кызыгуусун күчөтүп, эстен чыкпас нерселерди көңүлгө түйүп калууга жардам берет. Мындай иштерди эне тилдин ар кыл аспектисин бирге байланыштырып, бир жол менен үйрөнүүгө тыкыс багыттоого зарыл. Башкача айтканда, аларды стилдик каражат катары да, өлкөбүздүн турмушун тааныткыч маалымат булак катары да эсептеп, экстралингвистикалык жана лингвистикалык өзөктү бир жол менен алып барганда гана студенттер тил предмети боюнча кыйла билимге ээ болушар эле.

***Адабияттар***

1. *Абдувалиев, И. Сөздүн теги: Этимология жана лексикография: Окуу куралы / И. Абдувалиев. - Бишкек, 2002. – 60-б.*
2. *Абдулдаев, Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия. Графика жана орфография. Лексикология жана фразеология / Э. Абдулдаев. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 78-б.*
3. *Ахматов, Т. Жалпы тил илими: Окуу куралы / Т. Ахматов. - Бишкек, 1996.*
4. *Дыйканов, К. Кыргыз тилинин тарыхынан: Жогорку окуу жайлары үчүн / К. Дыйканов. - Бишкек: Мектеп, 1980.*
5. *Мукамбаев, Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү / Ж. Мукамбаев. - Фрунзе: Илим, 1972. - 1-том: 2 томдор.*
6. *Чыманов, Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы / Ж. Чыманов. - Бишкек: Турар, 2009.*